КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ
И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

«26» феврaль 2019ж. Бишкек ш. № 1/37

"Өрт жана техникалык коопсуздукту
камсыз кылуу жөнүндө"

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.08.2018-ж. №381 "Кыргыз Республикасында өрт коопсуздугунун эрежелери" Токтомуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын "Өрт коопсуздугу жөнүндө" мыйзамынын 4-,5-беренелеринин негизинде, КМТУда өрт коопсуздугунун эрежелерин сактоо жана камсыздоо максатында **буйрук берем:**

1. Жалпы университет боюнча эмгекти коргоо, техника жана өрт коопсуздугуна жоопкер жана уюштуруу иштерин жүргүзүү башкы инженер А. М. Иманалиевке жүктөлсүн.
2. Окуу имараттарында жана жатаканаларда эмгекти коргоо, техника жана өрт коопсуздугуна жоопкер болуп төмөндөгү кызматкерлер бекитилсин:
   №1 окуу имараты жана анын аймагы - комендант Аскарова К. А.;
   №2 - окуу имараты жана анын аймагы - комендант Цветкова Е. Н.;
   №3,4,5 - окуу имараттары жана алардын аймагы - комендант Бекбоева Д.;
   №1- жатакана жана анын аймагы – комендант Джумадылова Н.Д;
   №2- жатакана жана анын аймагы – комендант Арзымбаева Д.Т.;
   №3- жатакана жана анын аймагы – комендант Мамытова Б.Т.
   УМКФ – декан Маткеримов Т.Ы.;
   ЭФ – декан Галбаев Ж.Т;
   ТФ – декан Джунушалиева Т.Ш.;
   МФТ – декан Кабаева Г.Дж.;
   КГТИ – директор Усупкожоева А.А.;
   ИЭФ – директор Бексултанов А.А.;
   ЭТИ - директор Абдуллаева Г.О.;
   БББПИ- директор Борукеев Т.С.;
   Политехникалык коллеж – директор Турусбекова Н.К.;
   Лицей – директор Исаева А.И.;
   "Текник" ББ – директор Курманалиев Б.К.;
   "Технолог" ӨӨБ – директор Коджегулова Д.А.
3. Эмгекти коргоо, техника жана өрт коопсуздугуна жоопкер адамдар бир жылда эки жолу (1-январь, 1-август) КТЭКЖК бөлүмүнө өрт коопсуздугунун эрежелерине ылайык белгилеринин комплекти жана алгачкы өрт өчүрүүчү каражаттары жөнүндө маалымат беришсин.
4. Кызматка кабыл алынганда техника коопсуздугу боюнча жана өрткө каршы баштапкы нускамадан өтүү КТЭКЖК бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Факультеттердин деканддары, институттардын, колледжин, лицейдин директорлору жана бөлүм башчылары өздөрүнө тиешелүү бөлүмдөрдө:

- эмгекти коргоо, техника жана өрт коопсуздугу боюнча жооптууларды (кафедраларда – кафедра башчысы; лабораторияларда – лаборатория башчысы) дайындашсын;
- бир жуманын ичинде КТЭКЖК бөлүмүнө өрт коопсуздугу боюнча кызматкердин аты-жөнү кафедрасы, лабораториясы, бөлмөлөрдүн номерин, телефон номери жазылган тизмелерди беришсин.

6. Техника коопсуздугу жана өрт коопсуздугун камсыз кылууга жооптуулар төмөндөгүдөй иш-чараларды аткарышсын:

- кызматкерлер менен студенттердин арасында өрт коопсуздугунун эрежелеринин сакталышын жана өрт коопсуздугу боюнча нускаманын аткарылышынын камсыздоо жана көзөмөлдөө;
- кызматкерлер менен студенттерге иш ордундагы нускаманы өз учурунда өткөрүү;
- өрт өчүрүү каражаттарын максаттуу түрдө гана колдонуу;
- чыгуучу жолдордо тоскоолдук жаратпоо (ар кандай буюмдардын топтолушу);
- ар бир бөлмөдө өрт коопсуздугу боюнча эреженин эскертмеси жана жооптуу адамдын аты-жөнү жазылган тактачаны көрүнүктүү жерге орнотуу;
- бөлмөлөдүн ачкычтарын университеттин вахтасына тапшыруу.

7. Техника коопсуздугу жана өрт коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иш-чараларын көзөмөлдөөнү КТЭКЖК бөлүмүнө жүктөлсүн.

8. Системдердин техникалык абалын, иштөө жана талапка ылайык колдонуулушу боюнча жоопкерчилик төмөндөгү кызматкерлерге жүктөлсүн:

- башкы инженер А. М. Иманалиевге - желдетүү, жылуулук берүү, ички өрт өчүрүүгө колдонуулучу суу түтүгү (пожарный шкафтар менен жогорулатып суу бүрүчтөрдүн техникалык абалдары менен курамы);
- энергетика боюнча жетектөөчү адис Э. Т. Ашымбаевге - электрдик орундамалар жана электртүйүндөрү.

9. КМТУнун 0 2.02.2018-ж. №1/25 “КМТУда өрт жана техникалык коопсуздугун камсыздоо жөнүндө” буйругу колдонуудан алынсын.

10. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө иши АЧИ боюнча проректор А. Р. Бекбоевге жүктөлсүн.

Ректор М. Дж. Джаманбаев

УИБ башчысы А. Ж. Исраилов